# КУБАНЫЧ САТАЕВ-АСЫЛ ЖАРЫМ

с. Ж.Турсунбаев
о. К. Сатаев

ЖҮРӨКТҮН ОТУН ТАМЫЗГАН,
ЖАШООНУН НУРУН ЖАГЫЗГАН.
БАЛДАРГА МЭЭРИМ ТАРТУУЛАП,
БАГЫМА КҮЙГӨН ЖАРЫК ШАМ.
БАГЫМА ЖАНГАН ЖАРЫК ШАМ.

***КАЙЫРМА:***
***БАЛБЫЛДАП КАРАГАТ КӨЗҮҢ,***
***ЖАНЫМА ШЕРИГИМ ӨЗҮҢ.***
***АСЫЛЫМСЫҢ, АРДАГЫМСЫҢ,***
***АЯРЫМСЫҢ, ӨЗ ЖАРЫМСЫҢ.***

ТОЛГОНУП КҮТҮП КЕЧИКСЕМ,
ТОСОСУҢ КҮЛҮП ЭШИКТЕН.
ӨТӨЛҮ БИРГЕ ТУРМУШТАН,
ӨМҮРДҮН БАРКЫН СЕЗИП ТЕҢ.
ЖАШООНУН БАРКЫН СЕЗИП ТЕҢ.

***КАЙЫРМА:***

АРЗУУДАН ТАПКАН БЕРЕКЕМ,
АЙ КҮНГӨ АЗ ГО ТЕҢЕСЕМ.
ОЧОГУН ҮЙДҮН ЖАНДЫРЫП,
ООРУБАЙ ЖҮРЧҮ СЕН ЭСЕН.
ООРУБАЙ ЖҮРЧҮ СЕН ЭСЕН.

***КАЙЫРМА:***